«Бекитемин»
Кыргыз – Түрк «Манас» университетинин
проректору
_______________К. Карымшаков
«14» март 2025-ж.

Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары Кыргыз – Түрк «Манас» университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн

**КОРУТУНДУ ПИКИРИ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Тарыхый учур тастыктагандай XXI кылымдын негизги өндүрүш күчү катары адамдын ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, коомчулуктун алдындагы эң башкы маселелердин бири катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Ошондуктан каралып жаткан маселени ар тараптуу илимий изилдөө менен анын турмушта колдонулуучу жактарын тактап кеңири пайдалануу, терс жактарын четке кагуу дүйнөлүк деңгээлдеги актуалдуу маселе ирэтинде коюлууда.

Ал эми өнүгүү ресурстары чектелүү болгон Кыргызстан үчүн жогорку билимдүү адистерди бүгүнкү замандын талабына ылайыктуу даярдоо маселеси маанилүү болууда. Мындай тарыхый шартты эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти С. Н. Жапаров "Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөр бардык иш-аракеттеринде билимге таянуу менен алдыга илгерилеп барат. Мына ошондой кезекте өлкөбүздө билим берүү тармагына өзгөчө басым жасоо зарылдыгын баса белгилеп айтып келем. Мамлекетибиздин негизги



КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 04-8/74
«17» 03 2025 ж.г.

ресурсу – интеллектуалдык көрөңгөсү бай, идеялары оргуштаган демилгелүү жаштар. Өлкө жетекчилиги мамлекетти өнүктүрүүгө салым кошом деген жигердүү, демилгелүү, аракетчил, мекенчил жаштардын акыл ресурстарына инвестиция кылуу ийгилигибиздин ачкычы экенин жакшы билебиз" – деп баса белгилеген. Изилденип жаткан маселенин постсоветтик Кыргызстандын тарыхындагы абдан актуалдуу тема экендигин баса көрсөтүп келген дагы бир жагдай – билим берүүнүн, өзгөчө кесиптик жогорку билим берүүнүн өтө маанилүү экенине карабастан каралып жаткан жылдарда ал маселе ар- тараптуу изилдөөгө алынбай келгендиктен анын илимий негиздеги оптималдуу өнүгүү багыттарын сунуштоо зарылчылыгына байланыштуу экендигинде.

Чындыгында, диссертацияда каралып жаткан мезгил аралыгында Кыргызстандын билим берүү тармагы өлкөнүн башка чөйрөлөрүнөн айырмаланып өтө эле көп реформаланган. Бул жылдары бир нече министрлер алмашып, болжол менен ар кандай өңүттөгү, маанидеги, деңгээлдеги жана мүнөздөгү көптөгөн аракеттер жасалган. Натыйжада, билим берүү тармагы кээ бир жаңылыктарга жана жетишкендиктерге ээ болгон. Айрым көрсөткүчтөр боюнча чөлкөмдүк жана дүйнөлүк деңгээлдеги жетишкендиктер да болгон. Бирок Кыргызстандын билим берүүсү, анын ичинде кесиптик жогорку билим берүү тармагында олуттуу жетишпестиктер кездешет. Натыйжада, бул чөйрө XX кылымдын 90-жылдарында кандай абал, мүнөз жана багытта иштеп келсе XXI кылымдын башында деле олуттуу өзгөрүүлөрсүз эскиче кала берген. Муну менен жогорку окуу жайларды өнүктүрө турган негизги базасы, бүгүнкү замандын талабына ылайыкташтырууга, өнүгүүгө муктаж. Азыркы учурда өлкөнүн баардык тармактары олуттуу реформалык кыймылга келип, коом өзгөрүп жатканда биз изилдөөгө алган маселе дагы андан артта калбоосу керек. Ошондуктан, бул маселе Кыргызстандын коомдук илимдеринин, анын ичинде тарых илиминин учурдагы актуалдуу маселелеринен экендиги талашсыз.

**2. Илимий жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

***1-жыйынтык.*** Мурда жарыяланган эмгектердин негизинде, архивдик

маалыматтарга таянуу менен Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн экономикалык тарыхы изилдөөгө алынды жана бул маселеге байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилген.

*2-жыйынтык.* Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын көз карандысыздыгын алгандан кийинки мезгилдеги жогорку окуу жайларды финансылоодогу өзгөрүүлөр, окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүнө түздөн-түз тийешеси бар мамлекеттик-укуктук актылар менен ЖОЖдордун экономикалык ишмердүүлүктөрү боюнча топтолгон тарыхый булактык база тарыхыйлуулуктун негизинде илимий анализге алынган.

*3-жыйынтык.* Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет болгондон кийинки жогорку кесиптик билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө алып келген трансформациялануу мезгилиндеги мамлекеттик эмес жогорку билим берүүчү окуу жайлардын калыптануусунун тарыхый өбөлгөлөрүнө жана алардын рыноктук мамилелердин негизиндеги ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынган.

*4-жыйынтык.* Кыргызстандын көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдин 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусундагы экономикалык кызматташуусунун ЖОЖдордун экономикалык абалына тийгизген таасирине илимий баа берилген.

**3. Диссертацияда чыгарылган илимий жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. Илимдин жетишкендиктерине негизделген интеллектуалдык адам эмгегинин коомдун өнүгүшүндөгү приоритеттүүлүгүнүн өзгөчө орду жана коомдук өнүгүүнүн мындай потенциалын өркүндөтүп туруучу экономикалык инвестициянын зарылчылыгы тууралу дүйнөлүк жана ата мекендик теориялар менен концепциялар жетишээрлик. Алардын тиешелүүлөрү диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык таянычы болду.

2. Маселенин актуалдуулугуна жараша бул темага арналган эмгектер коомдук илимдерде бир топ эле десек болот. Алардын ичинде окумуштуу

тарыхчылардын эмгектери да арбын. Бирок, жогорку билим берүү системасынын экономикалык маселелери өзүнчө тема менен жеткиликтүү деңгээлде изилденип, так баасын алган эмес.

3. Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так жана оптималдуу аныктап алуу диссертациялык иштин талаптагыдай аткарылышына чоң өбөлгө болду.

4. Тарых илиминде кеңири колдонулуп келе жаткан илимий изилдөөнүн бир нече методдору менен концепцияларынын негизинде системалаштырылып, оптималдуу пайдаланылган методологиялык база диссертациянын илимий деңгээлине олуттуу негиз болуп берди.

5. Суверендүү Кыргызстандын өз алдынча жогорку билим берүү системасынын калыптанышында жана анын башка принциптерге таянган жаңы экономикалык негиздерин түзүүдө Конституция баш болгон бир нече закондор менен токтомдордун кабыл алынышы, буйруктар менен директивалык мүнөздөгү документтердин чыгышы чоң мааниге ээ болгон.

6. Постсоветтик реформалардын жүрүшүндө калыптанып жашап кеткен Кыргызстандын жогорку билим берүү системасы үчүн өтө маанилүү маселе – анын эффективдүү экономикалык базасын түзүү болгон. Бул багытта бир нече экономикалык моделдер кабыл алынып, ишке ашырылган

7. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын негизги экономикалык системасы катары мамлекеттик - жеке менчиктик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк каржылоо модели ишке ашырылган.

8. Дүйнөлүк жогорку билим берүүгө татыктуу интеграциялануу, чет өлкөлүк инвестицияларды активдүү тартуу жана жаштарды дүйнөлүк жогорку билим берүүгө кеңири аралаштыруу максатында киргизилген ар кандай мүнөздөгү жеке менчик экономикалык моделинин негизинде ачылган чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар дагы өз ордуларын таба алышты.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгына жана анын практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү.**

Диссертациялык изилдөөнүн процессинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги илимий изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргыз

Республикасынын билим берүү системасындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча анализдерди жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү системасы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү боюнча проблемаларын изилдөө иштеринде кеңири колдонууга сунуш кылынат.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетишүүлүгү.**

Диссертациядагы илимий жыйынтыктар жана практикалык рекомендациялар изденүүчүнүн КР УАК талаптарына туура келген илимий басмаларга чыккан 12 илимий макаласында чагылдырылган. Анын ичинен 11 макала РИНЦ системасына кирген илимий журналдарга жарыяланган.

**6. Авторефераттын диссетациянын мазмуна туура келиши.**

Автореферattын мазмуну жана түзүмү диссертациянын мазмунуна туура келет. Автореферат Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет.

**7. Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтер.**

Диссертациялык иште жогоруда келтирилген жетишкендиктер менен бирге бир катар мүчүлүштүктөр кездешет:

1. I Баптын мазмунуна карап, эки бөлүмгө ажыратылса туура болмок;
2. Диссертациянын ичинде көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтардын шилтемеси так көрсөтүлүшү керек же аларды диссертациянын эң аягына, тиркемеге жайгаштыруу керек;
3. 1997-2010-жылдардагы Кыргыз – Түрк «Манас» университетинин

факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнүн саны боюнча маалыматты жаңыртып, 2020-жылдарга чейин алып келсе болмок;

4. II Баптын аталышы менен анын ичиндеги бөлүмдөрүнүн аталышы бири-бирине шайкеш келбейт;

5. Диссертациялык иштеги практикалык сунуштарды кыскартып конкреттүү практикалык сунуштарды берүү зарыл.

Көрсөтүлгөн кемчиликтер менен сын-пикилер иштин жетишилген жактарын төмөндөтпөйт.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосунун талаптарына жооп бериши**

Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылып бүткөн илимий эмгек болуп эсептелет.

Жетектөөчү мекеме катары Кыргыз – Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмү Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пунктунда белгиленген "билимдин тийиштүү тармагы үчүн олутуу мааниси бар маселелердин чечилиши" квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациянын мазмуну, илимий жоболору, изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү Жобосунун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык

диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Абдиев Жээнбек Сейталиевич 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутундук-пикир Кыргыз–Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн 2025-жылдын 14-мартындагы отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол № 28)

Талкуунга катышышкан окумуштуулардын тизмеси:

1. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09), профессор
2. Табалдиев Кубатбек – т.и.д. (07.00.06), профессор
3. Кожобеков Муратбек Чалакеевич – т.и.к. (07.00.07), профессор
4. Алтымышева Зухра Амеркуловна – т.и.к. (07.00.02), доценттин м.а.
5. Абдыкулова Роза Аманбаевна – доцент.

Төрага Алымбаев Ж.Б.

Катчы Мамыкеева Б.